Кыргызстандын саламаттык сактоо илимий-практикалык журналы 2025, № 1, б. 53-62

Здравоохранение Кыргызстана научно-практический журнал 2025, № 1, с. 53-62

Health care of Kyrgyzstan scientific and practical journal 2025, No 1, pp. 53-62

УДК: 614.25: 61:34-2:37

# Медицинада адамдын инсандыгын сыйлоо: Кыргыз Республикасынын тажрыйбасынын негизинде этикалык-укуктук талдоо жана перспективалары

Т.А. Кудайбергенова [1], А.А. Орозалиева [1], Ч. Сыдыкбекова [2], З.А. Айдаров [1]

[1] *И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекетик медициналык академиясы,*
[2] *Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Юридикалык институту, Бишкек, Кыргыз Республикасы*

МАКАЛА ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

*Негизги сөздөр:*
Биоэтика
Медициналык этика
Медициналык укук
Маданият
Кыргыздар
Салттар
Урматтоо
Инсан
Кадыр-барк
Автономия
Медицина
Саламаттыкты сактоо
Кыргыз Республикасы

КОРУТУНДУ

*Киришүү.* 2024-жылдын 12-январындагы №14 “Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө” Мыйзамы менен медицина кызматкерлеринин кесиптик ишинин негизи катары инсанды сыйлоо принциби белгиленген жаңы “Адамдын инсандыгын сыйлоо” 153-беренеси киргизилген. Бирок мыйзамда бул берененин болушу гана эмес, анын натыйжалуу практикалык колдонулушу үчүн анын этикалык жана укуктук негиздерин түшүнүү да маанилүү.
*Изилдөөнүн максаты.* 2024-жылдын 12-январындагы №14 “Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө” Мыйзамынын “Адамдын инсандыгын сыйлоо” 153-беренесинин этикалык жана укуктук негиздерин изилдеп, аны медицина тармагында практикалык колдонууну өркүндөтүү.
*Материалдар жана ыкмалар.* Сапаттуу документтик талдоо ыкмасы аркылуу укук жана биоэтика жаатындагы кыргыз, орус жана англис тилдеринде ачык булактардан алынган экинчи даражадагы маалыматтар изилденди.
*Натыйжалар.* Изилдөөлөр көрсөткөндөй, “сыйлоо” деген этикалык түшүнүк, адамдын ар-намысы, укуктары жана ички баалуулуктарын тааныгандыгы менен, биоэтикада өзгөрүүлөргө дуушар болуп, ал жеке адамдын автономиясын урматоо принциби катары, медициналык кийлигишүүлөр тууралуу өз алдынча чечимдерди кабыл алуу укугу катары чагылдырылган. Изилденген берененин юридикалык нормалары идеалдуу мааниде биоэтикадагы урматтоо концепциясына ылайык келет, анткени мыйзамдын бардык талаптары жеке автономияны урматтоо принцибин сактоого багытталган. Натыйжада, Кыргыз Республикасы бул беренени мыйзамга киргизүү аркылуу медициналык кызматкерлерге адамдын жеке автономиясын урматтоо, медициналык кийлигишүүлөр боюнча өз алдынча чечимдерди кабыл алуу укугун сактоо милдетин бекитти.
*Жыйынтык.* Изилдөө көрсөткөндөй, 2024-жылдын 12-январындагы

**Адрес для переписки:**
**Кудайбергенова Тамара Асановна, 720020,**
Кыргызская Республика, Бишкек, ул. Ахунбаева 92
КГМА им. И.К. Ахунбаева
Тел.: + 996 555259090
E-mail: t.kudaibergen@gmail.com

**Contacts:**
**Kudaibergenova Tamara Asanovna, 720020,**
92, Akchunbaev str, Bishkek, Kyrgyz Republic
KSMA named after. I.K. Akhunbaev
Phone: +996 555259090
E-mail: t.kudaibergen@gmail.com

**Для цитирования:**
Кудайбергенова Т.А., Орозалиева А.А., Сыдыкбекова Ч., Айдаров З.А. Уважение к человеческой личности в медицине: этико-правовой анализ и перспективы на основе опыта Кыргызской Республики. Научно-практический журнал «Здравоохранение Кыргызстана» 2025, № 1, с.53-62. doi.10.51350/zdravkg2025.1.3.7.53.62

**Citation:**
Kudaibergenova T.A., Orozalieva A.A., Sydykbekova Ch., Aidarov Z.A. Respect for person in medicine: ethical and legal analysis and prospects based on the experience of the Kyrgyz Republic. Scientific and practical journal “Health care of Kyrgyzstan” 2025, No. 1, p.53-62. doi.10.51350/zdravkg2025.1.3.7.53.62

© Кудайбергенова Т.А., и соавт., 2025

**DOI: https://dx.doi.org/10.51350/zdravkg2025.1.3.7.53.62**

№14 "Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын коргоо жөнүндө" Мыйзамынын "Адамдын инсандыгын сыйлоо" 153-беренесинин этикалык-укуктук негиздери медициналык кийлигишүүлөр учурунда адамдын жеке автономиясын сыйлоонун Эл аралык биоэтикалык стандарттарынын талаптарына толугу менен шайкеш келет. Сыйлоо адеп-ахлактык категория катары укуктук жана биоэтикалык нормалар аркылуу гана эмес, кыргыз элинин маданий салттарында камтылган механизмдер аркылуу да ишке ашырылышы керек экенин түшүнүү зарыл.

## Уважение к человеческой личности в медицине: этико-правовой анализ и перспективы на основе опыта Кыргызской Республики

Т.А. Кудайбергенова [1], А.А. Орозалиева [1], Ч. Сыдыкбекова [2], З.А. Айдаров [1]

*[1] Кыргызская государственная медицинская академия имени И. К. Ахунбаева,*
*[2] Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына, Юридический институт,*
*Бишкек, Кыргызская Республика*

ИНФОРМАЦИЯ О СТАТЬЕ

*Ключевые слова:*
Биоэтика
Медицинская этика
Медицинское право
Культура
Кыргызы
Традиции
Уважение
Личность
Достоинство
Автономия
Медицина
Здравоохранение
Кыргызская Республика

РЕЗЮМЕ

*Введение.* В Закон №14 «Об охране здоровья граждан в Кыргызской Республике» от 12 января 2024 года введена новая статья 153 "Уважение к человеческой личности", которая устанавливает принцип уважения к личности как основу профессиональной деятельности медицинских работников. Однако важно не только наличие статьи в законе, но и большое значение имеет понимание ее этико-правовых оснований для эффективного практического применения.
*Цель исследования*- изучение правовых и этических оснований статьи 153 Закона "Об охране здоровья граждан в Кыргызской Республике" от 12 января 2024 года №14 "Уважение к человеческой личности" для улучшения ее практического применения в области медицины.
*Материалы и методы.* Методом качественного документального анализа были изучены вторичные данные из открытых источников в области права и биоэтики на кыргызском, русском и английском языках.
*Результаты.* Исследования показали, что этическое понимание «уважения», включающее в себя признание достоинства, прав и внутренних ценностей личности претерпело изменения в биоэтике и представлено принципом уважения автономии личности, как права принимать самостоятельные решения относительно медицинских вмешательств. Правовые нормы изученной статьи в идеальном смысле соответствуют биоэтическому пониманию концепции уважения, поскольку все требования закона направлены на соблюдение принципа уважения индивидуальной автономии. В результате Кыргызская Республика посредст вом введения данной статьи в Закон определяет обязанности медицинских работников уважать индивидуальную автономию человека как права на самоопределение относительно медицинских вмешательств.
*Заключение.* Исследование показало, что правовые и этические основы статьи 153 Закона "Об охране здоровья граждан в КР" от 12 января 2024 года №14 "Уважение к человеческой личности" полностью соответствует требованиям международных биоэтических стандартов уважения индивидуальной автономии человека при медицинских вмешательствах. При этом важно понимать, что уважение, как нравственная категория, должно реализовываться не только через правовые и биоэтические нормы, но и через механизмы, заложенные в культурных традициях кыргызского народа.

# Respect for person in medicine: ethical and legal analysis and prospects based on the experience of the Kyrgyz Republic

T.A. Kudaibergenova [a], A.A. Orozalieva [a], Ch. Sydykbekova [b], Z.A. Aidarov [a]

[a] *Kyrgyz State Medical Academy named after I. K. Akhunbaev,*
[b] *J. Balasagyn Kyrgyz National University, Law Institute*
*Bishkek, Kyrgyz Republic*

ARTICLE INFO

*Key words:*
Bioethics
Medical ethics
Medical law
Culture
Kyrgyz
Traditions
Respect
Personality
Dignity
Autonomy
Medicine
Health care
Kyrgyz Republic

ABSTRACT

*Introduction.* A new article 153 “Respect for the Human Person” was introduced into the Law No. 14 “On the Protection of Citizens’ Health in the Kyrgyz Republic” dated January 12, 2024, which establishes the principle of respect for the individual as the basis for the professional activities of medical professionals. However, not only the presence of the article in the law is important, but also the understanding of its ethical and legal grounds for effective practical application is of great importance.
*The purpose of the study* is to explore the legal and ethical grounds of Article 153 of the Law “On the Protection of Citizens’ Health in the Kyrgyz Republic” dated January 12, 2024 No. 14 “Respect for the Human Person” to improve its practical application in the field of medicine.
*Materials and methods.* Secondary data from open sources in the field of law and bioethics in Kyrgyz, Russian and English were studied using the method of qualitative documentary analysis.
*Results.* Research has shown that the ethical understanding of "respect", which includes recognition of the dignity, rights and internal values of an individual, has undergone changes in bioethics and is represented by the principle of respect for the individual autonomy, as the right to make independent decisions regarding medical interventions. The legal norms of the studied article ideally correspond to the bioethical understanding of the concept of respect, since all the requirements of the law are aimed at observing the principle of respect for individual autonomy. As a result, the Kyrgyz Republic, by introducing this article into the Law, defines the duties of medical professionals to respect the individual autonomy of a person as the right to self-determination regarding medical interventions.
*Conclusion.* The study showed that the legal and ethical grounds of Article 153 of the Law “On the Protection of Citizens' Health in the Kyrgyz Republic” dated January 12, 2024 No. 14 “Respect for the Human Person” fully complies with the requirements of international bioethical standards of respect for individual autonomy at medical interventions. At the same time, it is important to understand that respect, as a moral category should be realized not only through legal and bioethical norms, but also through mechanisms embedded in the cultural traditions of the Kyrgyz people.

## Киришүү

2024-жылдын 12-январында №14 “Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө” мыйзам кабыл алынып, анда саламаттык ты сактоо тармагындагы бир катар мыйзамдар бириктирилип, жаңы беренелер менен толукталган. Маанилүү өзгөрүүлөрдүн ичинен 153-берене “Адамдын инсандыгын сыйлоо” өзгөчө көңүл бурууга арзыйт [5]. “Кыргыз Респуликасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө” мыйзамдын 153-беренесинде медицина кызматкерлеринин кесиптик ишинин негизи катары адамды урматтоо принциби белгиленген. Бул укуктук ченем жеке көз караш менен да, коомдук көз караш менен да алганда адамдын ден соолугун эң жогорку баалуулук деп жарыялап, дарыгерлерди ырайымсыздыкка жана адамдын инсандык кадыр-баркын басмырлоого каршы күрө-

шүүгө милдеттендирет. Демек, медициналык ишмердикте адамдын инсандык укуктарын коргоо учурун эске алып, мыйзам ченемдеринин бузулбашына өзгөчө көңүл буруу керектиги талап кылынат. Биздин оюбузча, бул берененин киргизилиши – өлкөдө биоэтиканын принциптерин ишке ашырууда маанилүү кадам болуп саналат, анткени адамдын инсандыгын урматтоо анын негизги принциби болуп эсептелет. Бул берене ни кабыл алуу саламаттыкты сактоо онун этикалык аспектилерине көңүл бурулуп жатканын жана медициналык практика менен илимий изилдөөлөргө жогорку стандарттарды киргизүү багытындагы аракеттерди көрсөтөт. Бирок, мыйзамда берененин болушу гана маанилүү эмес, анын иш жүзүндө колдонулушу дагы чоң мааниге ээ. Жогоруда айтылгандай, саламаттыкты сактоо тармагындагы адистердин милдети бейтапты дарылоо жана калыбына келтирүү менен эле чектелбейт. Алар бейтаптардын инсандык укуктарын коргоого, аларды басмырлоонун бардык түрлөрүнө каршы туруу менен адамдын жашоо сапатын жакшыртууга умтулушу керек. Медицина кызматкерлери бул принциптерди жана милдеттерди өз ишинин негизги деп таануу менен калктын аларга болгон ишенимин арттыра алышат.

*Изилдөөнүн максаты* – 2024-жылдын 12-январындагы №14 “Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө” мыйзамынын “Адамдын инсандыгын сыйлоо” 153-беренесине этикалык-укуктук мүнөздөмө берүү. Изилдөөнүн милдети – макаланын мазмунун укуктук жана биоэтикалык өзгөчөлүктөрүн жана перспективаларын талдоо.

## Материалдар жана ыкмалар

Изилдөөнүн материалы катары 2024-жылдын 12-январындагы №14 “Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө” мыйзамынын 153-беренеси “Адамдын инсандыгын сыйлоо” жана 12-главасы “Медицина жана фармацевт кызматкеринин статусу” алынган. Бул мыйзам да: “Адамдын саламаттыгы жеке жана коомдук мүнөздөгү жогорку баалуулук [5]. Өздөрүнүн кесиптик бардык билимин жана жөндөмдүүлүктөрүн колдонуу менен медицина кызматкерлери калктын саламаттыгын сактоого көмөктөшүүгө, ырайымсыздыктын жана адамдын кадыр-баркын басмырлоонун ар кандай түрлөрүнө каршы күрөшүүгө, адамдарга урмат көрсөтүүгө милдеттүү” деп белгиленген.

## Изилдөөнүн методологиясы

Изилдөөнүн ыкмасы катары экинчи даражадагы маалыматтарды сапаттуу документтик талдоо болгон. Максаттуу тандоонун жардамы менен кыргыз, орус жана англис тилдеринде укук, кыргыз маданияты жана биоэтика жаатындагы ачык булактар тандалды. Изилдөө үчүн материалдарды тандоодо төрт фактор эске алынды: аныктык, ишенимдүүлүк, репрезентативдүүлүк жана булактардын маанилүүлүгү. Булактарды сапаттуу документтик талдоо үчүн: “биоэтика”, “медициналык этика”, “медициналык укук”, “маданият”, “кыргыздар”, “салттар”, “урматтоо”, “инсандын кадыр-баркын урматтоо принциби”, “барктуулук”, “автономия”, “медицина”, “саламаттык сактоо”, “Кыргызстан” жана башка өзөктүү мааниге ээ болгон терминдер алынды. Булактарды талдоо үчүн рефлексивдик тематикалык талдоо жүргүзүлдү.

## Натыйжалар

“Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө” мыйзамы анын 1-беренесинде бекитилгендей “Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоонун укуктук, экономикалык, социалдык жана медициналык негиздерин, кепилдиктерин жана чараларын аныктайт”. Мыйзамдын талаптары медициналык кызматкерлердин бейтаптар менен кесиптик мамилелеринде милдеттүү болгон жүрүм-турум нормаларын белгилейт.

Медицина жана фармацевт кызматкерлеринин жүрүм-туруму жөнүндө 168-беренеде “Медицина жана фармацевт кызматкерлеринин ар-намысын, абройун жана кесиптик беделин коргоо” көрсөтүлгөн. Анын мазмуну боюнча, “Медицина жана фармацевт кызматкерлеринин ар-намысы, аброюу жана кесиптик бедели Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен корголот. Медицина жана фармацевт кызматкерлери өзүнүн кесиптик ишин аткарып жатканда физикалык, моралдык жана материалдык зыян келтирүүгө эч кимдин укугу жок” деп белгиленген [5].

Бул берене буга чейин Мыйзамдын мурунку редакцияларында болгон, ал мыйзамдарда медицина жана фармацевт кызматкерлеринин статусу мурда таанылып, аларды укуктук коргоо менен камсыздалган, медицина кызматкерлери саламаттыкты сактоо тутумунун негизги бөлүгү катары каралып, дарыгер-бейтап мамилелеринде башкы ролду аларга берүү салттуу болуп келген. Бирок мыйзамга жаңы киргизилген 153-берене “Адамдын инсандыгын сыйлоо, “түздөн-түз бейтаптарга көңүл буруу менен, дарыгер-бейтап мамилелериндеги укуктук жөнгө салуунун маанилүү өзгөрүүсүн көрсөтөт. Эгерде мурда мыйзамдардын негизги багыты дарыгерлерди коргоого багытталса, азыр аталган мыйзамдын жаңы редакциясында бейтапты сыйлоо да медициналык практиканын ажырагыс бөлүгү экени так жазылган. Бул дагы жаңы 71-берененин “Бейтаптын персоналдын иши жана саламаттык сактоо уюмунун иши жөнүндө сунуштарды киргизүү укугу” менен бекемделген [5]. Бул мыйзамга киргизилген толуктоолор

медицинаны гумандаштыруунун жалпы тенденциясын чагылдырат. 153-беренеде адамдын ден соолугу эң жогорку баалуулук экендиги баса белгиленген, ал гуманизм философиясына жана Эл аралык медициналык укуктун негиздерине шайкеш келет. Бул билдирүү жеке адам үчүн гана эмес, бүтүндөй коом үчүн ден соолуктун маанилүүлүгүн таанууну билдирет. Биоэтикада ден соолук адамдын татыктуу жашоого, анын ичинде сапаттуу медициналык жардамга жетүү укугунун ажырагыс бөлүгү катары каралат. Демек, Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруу практикасы медициналык кызматкерлерди коргоо менен бирге, алардын этикалык милдетин, атап айтканда бейтаптарга болгон сый-урматты, расмий түрдө бекитип, адилеттүү жана тең салмактуу мамиле жүргүзүүгө карай өнүгүп жатканын көрсөтүп турат.

153-берененин мазмунунан уңгулуу түшүнүк катары биз "урматтоо" деген түшүнүктү аныктадык. Алгач "урматтоо" сөзүнүн маанисин изилдедик. К.К. Юдахиндин кыргыз-орус тилиндеги сөздүгүндө "урмат" деген "жашка - кызмат, карыга – урмат" деген макал менен көрсөтүлгөн экен. Биздин оюбузча, кыргыз тилиндеги медицина тармагына эң жакын сөз бул "кадыр". Ошол эле сөздүк боюнча "кадыр" деген сөз үч мааниде берилет: урматтоо; кадыр-барк жана баалуулук; аброй жана таасир. Бул сөз төмөнкү сөз айкаштарында колдонулат: "кадырына жет" деген сөз да бар, бул кимдир бирөөнүн кадыр-баркын таануу дегенди билдирет, ошондой эле "кадырда" деген сөз да бар, бул урматтоо, сый-урмат көрсөтүү, баалоо деген маанини билдирет [10]. Демек, кыргыздардын түшүнүгүндө "урмат" деген сөз адамдын кадыр-баркынын жана социалдык абалынын маанисин кошумчалайт, бул сыйлоону коомдук ченемдер жана кадыр-барк менен көбүрөөк байланыштырган.

Изилдөөбүздүн кийинки этабы этикалык контекстте "урмат" сөзүнүн маанисин изилдөө болду. Биз орус тилдүү жана англис тилдүү авторлордун 12 эмгегин изилдедик. Алардын арасында төмөнкү авторлордун эмгектери бар: Аденийи ФС. (2019); Ахундова Ш.Д. (2013); Манакова Л.К.(2018); Сайкина Г.К. (2024); Darwall S. (2006); Drummond, John J. (2022); Hill T.E. Jr. (1998); Kolomý, V.(2023); Lysaught M.T. (2004); Tyler T., Blader S. (2000); Um, S. (2024); Winslow, Dean L. (2025) [1,2,11,12,14, 15,16,17,18,19, 20,21]. Бул эмгектерди талдоо көрсөткөндөй, изилдөөчүлөр урматтын эки негизги түрүн айырмалайт: сыйлоо – таануу жана сыйлоо – баалоо. Баа катары урматтоо адамдын сиңирген эмгегин, жетишкендиктерин, тырышчаактыгын жана максатына жетүүдөгү аракетин таанууда чагылдырылат. Урматтоо катары таануу деген адамдын укуктарын жана ички баалуулугун таанууну билдирет. И. Канттын пикири боюнча адамдын ички баалуулугу – бул анын кадыр-баркы. Бул демек, адамды урматтоо, анын кадыр-баркын сыйлоо дегенди билдирет. Сыйлоонун бул түрү камкордук көрсөтүүдө жана моралдык милдетти аткарууда көрүнөт. И. Канттын айтымында, урматтоо – бул сезим, бирок өзгөчө сезим: ал каалоо же коркуу сезиминен пайда болбойт; адам аны өз эрки менен кабыл алат; ал моралдык милдетти аңдап билүү менен байланышкан. И. Кант урматтоону сезим жана иш-аракет катары экиге бөлгөн: сезим катары урматтоо – башка адам менен өзүн салыштыруудан келип чыккан табигый реакция; кыймыл же иш-аракет катары урматтоо – бул сезимдерден көз каранды болбогон моралдык милдетти аткаруу. Кээ бир изилдөөчүлөр сый мамилеге келүү үчүн башкаларга зыян келтирүүдөн жана алардын укуктарын бузуудан сактаныш керек деп эсептешет. Бул боюнча көз караштар "урматтоо" категориясынын көптөгөн этикалык маанилерге ээ экенин, ал адамдын ортосундагы мамилелерден тышкары, кеңири моралдык жана социалдык контексттерди да камтыйт.

Ошентип, "урматтоонун" этикалык түшүнүгү инсандын кадыр-баркын, укуктарын жана ички баалуулуктарын таанууну камтыйт, адеп-ахлактык парз, коомдук таануу жана башкалардын укуктарын бузуудан алыс болуу.

Белгиленген этикалык түшүнүктөрдүн негизинде биоэтикада "урматтоо" түшүнүгү кандайча чагылдырылганын изилдедик. Медициналык илим жана практика тармагын жөнгө салуучу төмөнкү 11 негизги эл аралык этикалык документтерди изилдеп чыктык: Нюрнберг кодекси (1947); Адам укуктарынын жалпы декларациясы (UN, 1948 ); Хельсинки декларациясы (WMA, 1964); Бейтаптын укуктарынын декларациясы (Declaration of Patient Rights, WMA, 1973); Бельмонт отчету (Belmont Report, 1979); Күчтүү клиникалык практика (Good Clinical Practice, ICH E6, 1996); Адам укуктары жана биомедицина боюнча Европа конвенциясы (European Convention on Human Rights and Biomedicine, Council of Europe, 1997); Адам геному жана адам укуктары боюнча жалпы декларация (Universal Declaration on the Human Genome and Human Rights, UNESCO, 1997); Биоэтика жана адам укуктары боюнча жалпы декларация (Universal Declaration on Bioethics and Human Rights (UNESCO, 2005); Панамерикалык этика кодекстери (Pan American Health Organization Ethical Codes, PAHO, 2007); Адамдын катышуусу менен саламаттыкты изилдөө боюнча эл аралык этикалык колдонмолор, төртүнчү басылышы (International Ethical Guidelines for Health-related Research Involving Humans, Fourth Edition, CIOMS, WHO, 2016).

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, биоэтикалык түшүнүк боюнча адамдын жеке кадырын жана анын укуктарын урматтоо негизги принцип болуп саналарын көрсөттү. Бул изилденген документтерде өзгөчө белгиленип, укуктарды коргоо, адилеттүүлүктү жана ар-

намысты камсыз кылуу чагылдырылган.

Ошол эле учурда документтерде жаңы этикалык аспект – бейтаптын өз алдынчалыгын урматтоо, медициналык кийлигишүүлөрдө өз алдынча чечим кабыл алуу укугу катары пайда болду.

Ошентип, биоэтикада сый-урмат түшүнүгү трансформацияланып, адамдын жеке автономиясына кошумча көңүл бурулган.

Изилденген мыйзам беренесине жүргүзүлгөн укуктук талдоо төмөнкүдөй жыйынтыктарды көрсөттү. Берененин негизги аспектилери:

● **Адамдын саламттыгын жогорку баалуулук катары таануу:** ден соолук жеке гана эмес, ошондой эле коомдук мүнөзгө ээ болгон баалуулук катары каралат.

● **Ырайымсыздыкка жана кемсинтүүгө тыюу салуу:** Саламаттыкты сактоо адистери бейтаптарга урмат көрсөтүү менен мамиле жасап, ырайымсыз же кемсинтүүчү деп эсептелген аракеттерден баш тартууга милдеттендирилет.

● **Медициналык кызматкерлердин жоопкерчилиги:** берене медицина кызматкерлерине бейтаптардын укуктарын коргоого, кадыр-баркын сыйлоого жана басмырлоонун ар кандай түрлөрүнө каршы күрөшүүгө жоопкерчиликти жүктөйт.

Берененин маңызына укуктук талдоо жүргүзүү үчүн бир нече салыштырмалуу кырдаалдарды карап көрөбүз:

***1.Эл аралык укутук-ченемдерге дал келүүсү***

153-берененин укуктук ченемдери Эл аралык укуктук актыларга шайкеш келет, анын ичинде:

● **Адам укуктарынын жалпы декларациясы (1948)** – ар бир адамдын жашоого, эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укуктуулугун бекитет (3-берене).

● **Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакт (1966)** – катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазага тыюу салат (7-берене).

● **Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо боюнча Конвенция (1950)** – адамдын кадыр-баркын урматтоону бекитет.

***2. Улуттук мыйзамдар менен байланышы [5,6,7,8,9].***

● **Кыргыз Республикасынын Конституциясы (№59 5-май, 2021-жыл):** Конституциянын 29-беренесинде ар бир адам жеке турмушунун кол тийбестигине, абийиринин жана ар-намысынын корголушуна укуктуу экендиги, адамдын ар-намысы абсолюттук жана кол тийгис экендиги айтылган.

● **Саламаттыкты сактоо мыйзамдары (№10; №14 12-январь, 2024-жыл):** Бул мыйзамдар медициналык кызматкерлердин милдеттерин жана бейтаптардын укуктарын тактоо менен аларды жөнгө салуучу эрежелерин аныктайт. Мисалга алсак, Кыргыз Республикасынын коомдук саламаттыкты сактоо жөнүндө мыйзамынын 13-беренесинде ооруга байланыштуу адамдын кадыр-баркын кемсинтүүнү болтурбоочу сый-урматтуу жана гумандуу мамиледе болууга ар бир адам укуктуу экени айтылса, ал эми Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө мыйзамындагы 66-беренеде бейтаптын медициналык жана тейлөөчү персонал тарабынан сый жана гумандуу мамилеге укуктуу экендиги бекитилет.

● **Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси (№129 28-октябрь, 2021-жыл):** Инсандын ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоо принцибин 11-беренесинде бекитилген.

● **Кыргыз Республикасынын граждандык кодекси (№15 8-май, 1996-жыл):** 50-беренеде жеке мүлктүк эмес жана башка материалдык эмес баалууларга адамдын жеке кадыр-баркы, жеке кол тийбестиги, ар-намысы жана асылдуулугу кирерин тастыктайт.

Мындай укуктук-салыштырмалуу анализдин негизинде бул берененин укук-ченемдери Эл аралык, улуттук стандарттарга жана укуктук принциптерге туура келген идеалдуу мааниде экендигин айта алабыз, анткени мыйзамдын бардык талаптары инсандын өз алдынчалыгын урматтоо принцибин сактоого багытталган.

Адамдын инсандыгын сыйлоо – бул ар бир адамдын ажырагыс укугу. Коомдо ар бир адам өзүнүн кадыр-баркына жана ар-намысына болгон сый мамилени сезүүгө тийиш. Демек, өлкөнүн мыйзамдарында көрсөтүлгөндөй, коомдун өнүгүшү ар бир жарандын укуктарынын сакталышы жана алардын инсандык сапаттарына урмат менен мамиле жасалышы аркылуу мүмкүн болот. Өзгөчө бул принцип саламаттыкты сактоо тармагында иштегендер үчүн өтө маанилүү дегенди билдирет. Медицина кызматкерлеринин бейтаптардын инсандык кадыр-баркын сактоо боюнча милдеттери адеп-ахлактык жана кесиптик жоопкерчиликке гана эмес, укуктук нормаларга да негизделет. Натыйжада Кыргыз Республикасы өзүнүн мыйзамдары жана Эл аралык укуктук стандарттар аркылуу бейтаптардын укуктарын коргоп, медицина кызматкерлеринин жоопкерчилигин аныктайт.

## Талкуу

Изилдөөнүн натыйжаларын талкуулоодо, биз үчүн биоэтикада "урматтоо" түшүнүгү адамдын жеке автономиясына кошумча басым жасоого багытталганын аңдап билүү маанилүү болду. Урматтоо көп учурда адамдын кадыр-баркын таануу менен байланыштырыларын эске алганда, автономия концепциясы жаңы этикалык көз караш катары чоң мааниге ээ болду. Медицинада бейтаптын өз алдынча чечим кабыл алуу укугу, анын ден соолугу жана жашоосуна байланышкан бардык маселелерде эң башкы орунга чыкты. Бул өзгөрүү биоэтикада адамдын ички

эркиндикке жана моралдык милдеттерге болгон мамилени кайра карап чыгууну талап кылды.

Бейтаптардын жеке кадыр-баркын урматтоо алардын саламаттыгы жана жашоосу боюнча чечимдерди кабыл алууда өзүнүн көз-карашын, ниетин жана каалоосун ишке ашырууга мүмкүндүк берет, ошондуктан медициналык практиканын этикалык негиздери да жаңылanuуда.

"Урматтоо" термини биоэтика тармагында узак тарыхка ээ жана анын өнүгүшүндө негизги ролду ойнойт. 1979-жылы жарык көргөн "Илимий изилдөөлөргө катышкан адамдардын укуктарын коргоо боюнча этикалык принциптер жана нускамалар" аталышындагы Бельмонт отчёту биринчи документ болгон. Мында "адамдарга урмат көрсөтүү" принциби чагылдырылып, ал эки этикалык ишенимди камтыган. Биринчи ишеним автономияны тааныйт – адамдарга автономдуу инсан катары мамиле кылуу керектигин белгилейт. Экинчи ишеним "чектелген автономияга ээ адамдар коргоого укуктуу" деп тааныйт. Бул, демек, адамдарга урматтоо принциби чектелген же автономиясы жок адамдарга да коргоо керек дегенди билдирет. Эң маанилүүсү, Бельмонт отчёту автономия жана коргоо ортосундагы өз ара байланышты сунуштаган: адамдын автономияга болгон жөндөмдүүлүгү азайган сайын, коргоого болгон муктаждык да көбөйгөн [18].

1979-жылы Бошам жана Чайлдересс тарабынан биомедициналык этиканын белгилүү принциптеринин жарыяланuусу адамдын автономиясына болгон урматтоону түшүнүүдө маанилүү өзгөрүүлөрдү көрсөттү [13]. Алар урмат-сый менен автономиянын ортосунда риторикалык байланыш орнотуп, урматтоо түшүнүгүнүн маанисин дагы да төмөндөтүп, аны автономияга болгон урматтоого айлантты: "Баш калардын аракеттерин өзүн-өзү урматтоо менен баалаганда, биз аларды өзүнүн ой-пикирлерине өзүбүз сыяктуу укукка ээ болгон адамдар катары урматташыбыз керек. Автономия принцибинин бул аспектиси көп учурда адамдарга урматтоо принциби деп аталат…". Бул учурда адамдарды урматтоо принциби адамдын автономиясына болгон урматтоого айланып, кыскача айтканда "күч колдонбоо" дегенге айланды. [18].

Мыйзамдын 153-беренесинин "Адамдын инсандыгын сыйлоо" этикалык талдоосу анын биоэтикадагы жеке автономияны урматтоонун фундаментал дык принциби менен тыгыз байланышын көрсөтөт, ал бейтаптын саламаттык жана медициналык кийли гишүү маселелерин өз алдынча тандоо укугун камтыйт. 153-берененин жеке автономияны урматтоо принцибине басым жасоо 69-берене "Медициналык кийлигишүүгө макулдук берүү", 66-берене "Бейтаптын укуктары" менен бекемделген. Ал эми өз алдынчалыгы чектелген адамдардын кызыкчылыгын кор гоо 67-берене "Психиатриялык же наркологиялык стационарларда болгон бейтаптардын укуктары жана милдеттери" жана 70-берене "Психикасы бузулган адамдын дарылоого макулдугу жана дарылоодон баш тартуусу" менен колдоого алынат [5].

Макаланын укуктук талдоосу да инсандын автономиясын урматтоо принцибине басым жасалганын көрсөттү.

**Медицина кызматкерлери аталган беренени канчалык деңгээлде ишке ашыруусун төмөнкү аспектилер чагылдырат:**

***1. Бейтаптын укуктарын коргоо:***

● Ар бир бейтап өзүнүн саламаттыгы жөнүндө маалымат алуу укугуна ээ.

● Бейтаптын жеке жашоосуна жана сырларына сый мамиле кылуу.

***2. Кемсинтпөө жана бирдей мамиле кылуу:***

● Жынысына, улутуна, социалдык статусуна карабай бардык бейтаптарга бирдей мамиле жасоо.

● Физикалык же психикалык өзгөчөлүктөрү бар адамдарга өзгөчө колдоо көрсөтүү.

**Медицина кызматкерлери автономия принцибин урматтоо милдетин өз ишинде алып баруууда аткарууга тийиш болгон негизги милдеттер:**

***1. Кадыр-баркты сактоо:***

● Бейтаптарга кандай гана шартта болбосун сый мамиле жасоо, алардын инсандык укуктарын сыйлоо жана алардын тынчсызданууларын угуу – бул медицина кызматкерлеринин адамгерчилик сапаттарынын көрсөткүчү.

***2. Этикалык принциптерди кармануу:***

● Гиппократ антына ылайык иш жүргүзүү.

● Ар бир бейтаптын өмүрүнө жана ден соолугуна сый мамиле кылуу.

***3. Бейтаптын маалымдуулугун камсыз кылуу:***

● Диагноз жана дарылоо процесстери жөнүндө так, түшүнүктүү маалымат берүү.

● Бейтапка альтернатива жолдорун сунуштоо жана анын чечимин сыйлоо.

***4. Кесиптик адискөйлүк:***

● Тиешелүү медициналык билимди жана практикалык көндүмдөрдү үзгүлтүксүз жаңылоо.

● Ишинде медициналык стандарттарды жана протоколдорду так сактоо.

***5. Коммуникациялык маданиятты сактоо:***

● Ар бир бейтаптын муктаждыктарын жана жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен туура, жылуу мамиле түзүү.

● Кыйынчылыкка туш болгон бейтаптарга жана алардын жакындарына моралдык колдоо көрсөтүү.

***6. Ишенимди бекемдөө:***

● Бейтаптар менен дарыгерлердин ортосундагы ишенимди калыптандыруу өтө маанилүү. Бул ишеним медициналык чечимдердин ачык-айкындуулугуна, дарыгердин кесипкөйлүгүнө жана адамгер чилигине негизделет.

Медицина кызматкерлеринин инсандыкты сыйлоосу иш жүзүндө көп учурда көйгөйлөргө дуушар болот. Бул көйгөйлөр төмөнкүдөй **негизги аспекти**

**лерди** камтыйт**:**

***1. Купуялуулук принциптерин сактоо көйгөйү:***

● Бейтаптын жеке маалыматтарын мыйзамсыз пайдалануу учурлары.

● Маалыматтардын санариптик платформаларда корголушунун жетишсиздиги.

***2.Медицина кызматкерлеринин жогорку жүктөмү жана стресси:***

● Бул факторлор медициналык ката кетирүү коркунучун жогорулатат. Мындай учурларда укуктук жоопкерчилик кызматкерге же мекемеге жүктөлүшү мүмкүн.

***3. Укуктук билимдин жетишсиздиги:***

● Көпчүлүк медицина кызматкерлери бейтаптардын укуктары боюнча мыйзамдарды толук билбейт же тескерисинче бул маалымат бейтаптарда жетишсиз.

***4. Бейтаптардын укуктары боюнча Эл аралык стандарттардын жетишсиз ишке ашуусу:***

● Бейтаптардын укуктары жөнүндө эл аралык келишимдерди улуттук мыйзамдарга толук интеграциялоону ишке ашыруу.

***5. Юридикалык механизмдердин натыйжасыздыгы:***

● Бейтаптардын жана дарыгерлердин укуктарын коргоо боюнча иш алып баруунун натыйжасыздыгы.

Адамдын инсандыгын сыйлоо социалдык адилеттүүлүктүн жана гуманизмдин негиздеринин бири болуп саналат. Бул принципти сактоо менен медицина кызматкерлери гана эмес, бүтүндөй коом ар бир адамдын жашоосунун баалуулугун арттырууга салым кошо алат.

Медицина кызматкерлеринин инсандыкты сыйлоосу укуктук жана этикалык нормалардын негизинде ишке ашат. Бирок бул чөйрөдө укуктук көйгөйлөрдагы деле олуттуу болуп калууда. Алардын бир нечесин жогоруда айтып өттүк. Бул көйгөйлөрдүн жана сунуштардын так жана тез чечилиши саламаттыкты сактоодо ар бир инсандын укугунун тебеленбешине кепилдик болот.

Жыйынтыктап айтканда, “Кыргыз Республикасындагы жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө” мыйзамынын 153-беренесинин негизинде адамдын инсандык аброюу, кадыр-баркы жана саламаттыгы анын укуктарынын өзөгүн түзүп, бейтап катары бул укуктардын мыйзам жолунда корголушун камсыз кылган маанилүү укуктук инструмент болуп саналат. Бирок аны ишке ашырууда сапатсыз медициналык жардам үчүн так жоопкерчилик тартуунун механизминин жоктугу, каржылоонун региондорго тең жана текши бөлүштүрүлбөгөнү, ошно дой эле жарандардын арасында тиешелүү укуктук маалыматтардын жетишсиздиги сыяктуу олуттуу кыйынчылыктарга дуушар болууда. Мындай көйгөй лөрдү жоюу, эл аралык тажрыйбаны колдонуу жана инновациялык чечимдерди киргизүү өлкөнүн бардык жарандары үчүн медициналык жардамдын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн олуттуу түрдө жак шыртат.

Ошондой эле, медициналык практикада негизделген макулдук принциби түздөн-түз өз алдынчалыкты урматтоого байланыштуу, адамга өзүнүн чечимдерин көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүн берет. Макаланын саламаттыкты сактоо үчүн мааниси – чечим кабыл алууга активдүү катышкан бейтап менен дарыгердин өз ара аракеттенүүсүнүн өнөктөштүк моделин колдоо жана бейтаптарга, айрыкча улгайган адамдарга, майыптарга жана психикалык оорулар менен жабыркаган аярлуу топторго этикалык мамилени камсыз кылуу болуп саналат.

Мындай жетишкендиктердин негизинде төмөн күдөй перспективаларды көрө алабыз:

• Айыл жеринде жашагандар үчүн медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу.

• Саламаттык сактоо тармагындагы укуктардын бузулушу боюнча даттануулардын санын кыскартуу.

• Жарандардын саламаттыкты сактоо тармагына ишенимин жогорулатуу.

Медициналык практикада адамдын автономиясын же жеке кадырын урматтоо принцибин кабыл алууга жана ишке ашырууга таасир эткен маданий салттарды талдоо, 153-берененин “Адамдын инсандыгын сыйлоо” жобосун ишке ашыруу жолдорун сунуштоого жардам берет.

Кыргызстанда жүргүзүлгөн изилдөөлөр медициналык кызматкерлер менен калк ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн этномаданий өзгөчөлүктөрдү эске алуу зарыл экендигин көрсөттү. Бул өзгөчөлүктөрдүн бири – урматтоо түшүнүгү менен түздөн-түз байланышкан коллективизмге, биримдикке жана өз жамаатына камкордукка негизделген баалуулуктар системасы. Урматтоо адеп-ахлактык категория катары укуктук жана медициналык стандарттар аркылуу гана эмес, элдин маданий салттарына сиңген механизмдер аркылуу да ишке ашырылышы керек экенин түшүнүү маанилүү [3,4].

Демек, 153-берене Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо тармагында биоэтикалык стандарттарды бекемдөөдөгү маанилүү кадам болуп саналат. Этикалык, укуктук талдоо көрсөткөндөй, 153-берене медициналык этиканын заманбап дүйнөлүк медициналык этикалык стандарттарга шайкеш келет. Ал саламаттыкты сактоо тутумун гуманизмге, автономияны урматтоого, инсандын укуктарын жана кадырбаркын коргоого багытталган. Медицина тармагында эмгектенген адистер бул макаланы сый-урмат менен иш-аракет кылуунун моралдык талабы катары кабыл алышы керек, бул бейтаптар менен болгон мамилени жакшыртып гана койбостон, бүтүндөй медициналык системага болгон ишенимди жогорулатат.

Бирок аны натыйжалуу колдонуу максатында дарыгерлер үчүн так этикалык сунуштарды иштеп чы

гуу, ал норманы медицина кызматкерлерине багытталган билим берүү программаларына киргизүү жана медициналык практикада инсандын автономиясын урматтоо принцибинин сакталышын көзөмөлдөө механизмдерин түзүү зарыл.

## Корутунду

1. Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруу практикасы медициналык кызматкерлерди коргоо менен бирге, алардын этикалык милдетин, атап айтканда бейтаптарга болгон сый-урматты, расмий түрдө бекитип, адилеттүү жана тең салмактуу мамиле жүр гүзүүгө карай өнүгүп жатканын көрсөтүп турат.
2. Кыргыз элинин түшүнүгүндө "урмат" деген сөз адамдын кадыр-баркынын жана социалдык абалынын маанисин кошумчалайт, бул сыйлоону коомдук ченемдер жана кадыр-барк менен көбүрөөк байланыштырат. "Урматтоонун" этикалык түшүнүгү бейтаптын автономиясын урматтоо, медициналык кий лигишүүлөрдө өз алдынча чечим кабыл алуу укугу катары пайда болду.
3. Мыйзамда адамдын саламаттыгын жогорку баалуулук катары таануу: жеке ден соолук гана эмес, ошондой эле коомдук мааниге ээ болгон баалуулук катары каралат, улуттук психологияга барабар болуп мыйзамдын өзгөчөлүгүн билдирет.
4. 153-берене укук-ченемдери Эл аралык, улуттук стандарттарга жана укуктук принциптерге туура келген идеалдуу мааниде экендигин айта алабыз, анткени мыйзамдын бардык талаптары инсандын автономиясын урматтоо принцибин сактоого багытталган.
5. Медицина кызматкерлеринин бейтаптын автономиясын, инсандыгын урматтоосу практикада көп учурда көйгөйлөргө дуушар болот. Урматтоо адеп-ахлактык категория катары укуктук жана медициналык стандарттар аркылуу гана эмес, элдин маданий салттарына сиңген механизмдер аркылуу да ишке ашырылышы керек экенин түшүнүү маанилүү.

**Жазуучулар ар кандай кызыкчылыктардын чыр жоктугун жарыялайт.**
**Авторы заявляют об отсутствии конфликтов интересов.**
**The authors declare no conflicts of interest.**

**Адабияттар/Литература/References**

1. Аденийи Ф.С. Кант о человеческом достоинстве: автономия, человечность и права человека. Кантовский сборник. - 2019. -№38 (1). - С.81-98. https://cyberleninka.ru/article/n/kant-o-chelovecheskom-dostoinstve-avtonomiya-chelovechnost-i-prava che loveka
2. Ахундова Ш.Д. Уважение, его основа и типы. Вестник Томского государственного педагогического университета. -2013. -№1 (129). -С.188-92. https://cyberleninka.ru/article/n/uvazhenie-ego-osnova-i-tipy
3. Кудайбергенова Т.А. Этнонаука как источник формирования биоэтической культуры населения в борьбе с covid-19 / Т.А. Кудайбергенова, А.А. Орозалиева, З.А. Айдаров // Вестник КРСУ. -2021. -Т.21. -№ 9. -С. 162-169. http://vestnik.krsu.edu.kg/archive/169/7069
4. Кудайбергенова Т.А., Айдаров З.А., Усупова Ч.С., Орозалиева А. А., Сейсембаева А.Н., Сеитбекова Г.С. Этические осно вания взаимодействия с местными сообществами в обеспечении готовности к чрезвычайным ситуациям в общественном здравоохранении. Здравоохранение Кыргызстана -2023. -№2. -С.49-57. https://dx.doi.org/10.51350/zdravkg2023.2.6.8.49.57 https://zdrav.kg/arkhivy/product/view/170/328
5. Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 12-январындагы №14 "Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө" Мыйзамы Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлиги https://cbd.minjust.gov.kg/4-5260/ edi tion/1939/kg
6. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 05.05.2021 Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлиги https://cbd.minjust.gov.kg/1-2/edition/1202952/ru
7. Кыргыз Республикасынын граждандык кодекси 8.05.1996, № 15Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлиги https://cbd.minjust.gov.kg/4/edition/14707/ru
8. Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө" мыйзамы 12.01.20204, №14 Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлиги https://cbd.minjust.gov.kg/3-37/edition/2086/ru
9. Кыргыз Республикасынын "Коомдук саламаттыкты сактоо жөнүндө" мыйзамы 12.01.2024, № 10. Кыргыз Республикасы нын Юстиция Министрлиги. https://cbd.minjust.gov.kg/4-5301/edition/3727/ru
10. Кыргызско-русский словарь / Сост. К.К. Юдахин. – Б.: «Кут Бер», 2012. – 314 с.
11. Манакова Л.К. Уважение как признание права на достоинство личности. Ленинградский юридический журнал. -2018. -№3. (53) -С.30-41. https://cyberleninka.ru/article/n/uvazhenie-kak-priznanie-prava-na-dostoinstvo-lichnosti
12. Сайкина Г.К. "Меня еще не покинуло чувство принадлежности к человечеству" (И. Кант о статусе человечности и до стоинстве) // XI Садыковские чтения. Иммануил Кант и современность: материалы Международной междисциплинарной научно-образовательной конференции (Казань, 15-16 ноября 2024 г.) / под ред. Г.К. Гизатовой, О.Г. Ивановой, Г.В. Мели хова, Ф.Ф. Серебрякова, Н.А. Терещенко, Т.М. Шатуновой. – Казань: Издательство Казанского университета. -2024. -С. 347-355. https://repository.kpfu.ru/?p_id=308702
13. Beauchamp Tom L., Chlidress James F. Principles of Biomedical Ethics. - Oxford University Press, 2009 – P. 417. https://books.google.kg/books/about/Principles_of_Biomedical_Ethics.html?id=xg8iwAEACAAJ&redir_esc=y
14. Darwall S. 2006. The Second-Person Standpoint: Morality, Respect and Accountability. Cambridge, MA: Harvard Univ. Press https://www.princeton.edu/~msmith/mycourses/darwall-ch6-2006.pdf
15. Drummond, John J. (2021). Empathy, Sympathetic Respect, and the Foundations of Morality. In Anna Bortolan & Elisa Magrì, Empathy, Intersubjectivity, and the Social World: The Continued Relevance of Phenomenology. Essays in Honour of Dermot

Moran. Berlin: DeGruyter. pp. 345-362.https://philpapers.org/rec/DRUESR
16. Hill T.E. Jr. Respect for persons // Routledge Encyclopedia of Philosophy, 1998. https://www.rep.routledge.com/articles/thematic/respect-for-persons/v-1
17. Kolomý V. Kant on moral feeling and respect. Kantian Review. 2023 Mar; 28 (1):105-23. https://www.cambridge.org/core/journals/kantian-review/article/kant-on-moral-feeling-and respect/FCFE11B88978CC728BCAA7E71DCFD524
18. Lysaught MT. Respect: or, how respect for persons became respect for autonomy. J Med Philos. 2004 Dec;29(6):665-80. doi: 10.1080/03605310490883028. PMID: 15590515. https://pubmed.ncbi.nlm.nih.gov/15590515/
19. Sungwoo Um (2024) Honesty: Respect for the right not to be deceived, Journal of Moral Education, 53:2, 292-306, DOI: 10.1080/03057240.2023.2199347 https://www.tandfonline.com/doi/pdf/10.1080/03057240.2023.2199347
20. Tyler, T., & Blader, S. (2000). Cooperation in Groups: Procedural Justice, Social Identity, and Behavioral Engagement (1st ed.). Routledge. https://doi.org/10.4324/9780203782842 https://www.taylorfrancis.com/books/mono/10.4324/9780203782842/cooperation-groups-tom-tyler-steven-blader
21. Winslow, Dean L. "Respect." Masterclass in Medicine. CRC Press, 2025. 138-142. https://www.taylorfrancis.com/chapters/edit/10.1201/9781003409373-18/respect-dean-winslow

**Авторы:**
**Кудайбергенова Тамара Асановна,** кандидат медицинских наук, доцент кафедры общественное здоровье и здравоохранения КГМА им. И.К. Ахунбаева, магистр наук в области Биоэтики, Бишкек, Кыргызской Республики
ORCID: https://orcid.org/0000-0001-7080-6286

**Орозалиева Анипа Алымбековна,** кандидат медицинских наук, доцент кафедры общественное здоровье и здравоохранения КГМА им. И.К. Ахунбаева, Бишкек, Кыргызская Республика
ORCID: https://orcid.org/0009-0009-7293-552X

**Сыдыкбекова Чолпон,** старший преподаватель кафедры гражданского и трудового права Кыргызского национального университет аим. Ж. Баласагына, Юридического института, Бишкек, Кыргызская Республика
ORCID: https://orcid.org/0009-0001-8900-335x

**Айдаров Зиябидин Абдирайимович,** доктор медицинских наук, профессор, заведующий кафедрой общественного здоровья и здравоохранения КГМА им. И.К. Ахунбаева, Бишкек, Кыргызская Республика
ORCID: https://orcid.org/0000-0003-2323-5702

**Authors:**
**Kudaibergenova Tamara Asanovna,**Candidate of Medical Sciences, Associate Professor of the Department of Public Health and Healthcare of the KSMA named after I.K. Akhunbaev, Master of Science in Bioethics, Bishkek, Kyrgyz Republic
ORCID: https://orcid.org/0000-0001-7080-6286

**Orozalieva Anipa Alymbekovna,** Candidate of Medical Sciences, Associate Professor of the Department of Public Health and Health Care of KSMA named after. I.K. Akhunbaeva, Bishkek, KyrgyzRepublic
ORCID: https://orcid.org/0009-0009-7293-552X

**Sydykbekova Cholpon,** Senior Lecturer, Department of Civil and Labor Law, Kyrgyz National University named after J. Balasagyn, Law Institute, Bishkek, Kyrgyz Republic
ORCID: https://orcid.org/0009-0001-8900-335x

**Aidarov Ziyabidin Abdirayimovich,** Doctor of Medical Sciences, Professor, Head of the Department of Public Health and Healthcare of KSMA named after. I.K. Akhunbaeva, Bishkek, Kyrgyz Republic
ORCID: https://orcid.org/0000-0003-2323-5702

Поступила в редакцию 13. 04.2025
Принята к печати 20.05.2025

Received 13.04.2025
Accepted 20.05.2025